
# ИЗИЛДӨӨ АЙЛАМПАСЫ: ТЕОРИЯДАН ПРАКТИКАГА



*Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Субан уулу Алмас орто мектебинде бир катар олуттуу көйгөйлөр катталган. Алсак, 4–9-класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрү жана текстти түшүнүү деңгээли канааттандырарлык эмес. Бул маселелер улуттук изилдөөлөр жана мектептин ички тестирлөөсү, маектешүүсү жана байкоолору аркылуу тастыкталган.*

*Макаланын толук версиясын ушул QR-код аркылуу окуй аласыздар*

### Окуу, түшүнүү, сынчыл ой жүгүртүүнүн төмөндүгү – мектептин көйгөйү

Ош облусунун Кара-Кулжа районунда жайгашкан Субан уулу Алмас атындагы орто мектепте 355 окуучу билим алат. Мектеп заманбап жабдуулар менен камсыздалып, сапаттуу билим алуу үчүн бардык шарттар түзүлгөн.

Улуттук изилдөөлөр көрсөткөндөй, өлкөдөгү мектеп окуучуларынын 67% текстти түшүнүү боюнча төмөн көрсөткүчкө ээ. Ал эми мектептин өзүнүн тестирлөө жыйынтыктары да 9-класстын окуучуларынын болгону 50,8% гана канааттандырарлык окуу түшүнүү көндүмдөрүнө ээ экенин көрсөттү.

Окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүнүн деңгээли да төмөн: 4-класстын окуучуларынын 48,5%, 9-класстын окуучуларынын 45,8% окууну туура жана терең түшүнө алышпайт. Бул окуунун негизги көндүмдөрүнүн жетишсиздиги окуучулардын маалыматты талдоо, чечмелөө жана башка сабактардагы жетишкендиктерине таасир этет, ошондой эле алардын келечектеги билим алууга даярдыгын чектейт.

Окуу жана окууну түшүнүү көндүмдөрүнүн начар калыптанганы бизди таң калтырган жок, бирок бул абдан тынчсыздандырат. Анткени бул билим берүүнүн негизи, ал эми сынчыл ой жүгүртүүнүн төмөндүгү мектептеги олуттуу көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет.

### Чечим жөнүндө негизги маалымат

"Изилдөө айлампасы" чечими окуучулардын окуу жана түшүнүү, ошондой эле сынчыл ойлом көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

Негизги максаты – окуучуларды ар кандай маалымат булактарынан мазмундуу маалыматтарды издөө, талдоо, салыштыруу жана жыйынтык чыгарууга үйрөтүү болуп саналат.

Бул чечим адабий окуу, адабият жана ар жума сайын өтүүчү кошумча класстан тышкаркы сабактар аркылуу ишке ашырылат. Ар бир сабакта окуучуларга алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык темалар сунушталып, ар түрдүү тексттер менен иш жүргүзүлөт. Мындай ишмердүүлүк окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, түшүнүү жөндөмүн, пикир жаратуу жөндөмүн өстүрүүгө өбөлгө түзөт.

Чечим "айлампа" формасында ишке ашып, беш негизги баскычтан турат. Ар бир баскыч символикалык түстөр менен берилет жана белгилүү бир максатты көздөйт. Окуучулар бул баскычтар менен айлампа түрүндө иш алып барышат жана кайсы этаптан баштап, кайсыны улантарын өз алдынча тандашат.

Мугалимдер бул процесс учурунда сынчыл ойломду өнүктүрүүчү ар түрдүү стратегияларды жана техникаларды колдонушат. Алар окуучулардын пикир айтуу жөндөмүн бекемдөөгө, топтук талкуулар аркылуу пикир алмашууга жана логикалык ой жүгүртүүгө жардам беришет. Окуучулар автордун оюн түшүнүп, өз ойлорун аргументтүү түрдө билдирүүгө үйрөнүшөт.

"Изилдөө айлампасы" чечими аркылуу окуучулар өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө, тексттер менен терең иш алып барууга жана ар түрдүү маалымат булактарынан алган билимин практикада колдоно билүүгө жетишет. Чечим алардын окууга болгон кызыгуусун арттырып, билимди түшүнүү менен кабыл алууга өбөлгө түзөт.





### Иштөө формалары жана усулдары

«Изилдөө айлампасы» чечими 4-9-класстардын окуучуларында окууну жана түшүнүүнү, сынчыл ой жүгүртүүнү, аналитикалык көндүмдөрдү жана билимди практикада колдонуу жөндөмүн ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган. Бул ыкманын негизги максаты – окуучуларга теорияны жаттатуу эмес, маалыматты өз алдынча талдоо, тиешелүү тыянак чыгаруу жана алган билимдерин реалдуу турмуштук кырдаалдарда колдонуу жөндөмүн калыптандыруу.

Окутуу беш өз ара байланышкан этап аркылуу ишке ашат: маалымат алуу, изилдөө, талдоо, колдонуу жана чыгармачылык. Темага жана сабактын максатына жараша, мугалим толук циклди да, же анын өзүнчө этаптарын да колдоно алат. Бул ыкманын ийкемдүүлүгү ар кандай жаш куракка, деңгээлге жана тапшырманын татаалдыгына ылайыкташтырууга шарт түзөт, окутууну жекелештирип, кызыктуу кылат.

«Изилдөө айлампасынын» ар бир этабы белгилүү бир темага, даярдык деңгээлине жана окуучулардын жашына жараша ылайыкташтырылышы мүмкүн. Бул мугалимдерге циклдин кайсы бөлүктөрүн толугу менен камтууну жана кайсынысын сабактын максаттарына эң жакшы жетүү үчүн тандап колдонууну тандоого мүмкүндүк берет. Мындай ыңгайлашуу окутууну жекелештирилген жана натыйжалуу кылат, ар бир балага өз темпинде иштөөгө, материалды терең өздөштүрүүгө жана катышуу деңгээлин тандоого мүмкүндүк берет. Натыйжада, окуучулар өздөрүн ишенимдүү сезишет жана окуу процесси мотивациялуу жана кызыктуу болуп калат.




| | Математика | Окуу жана түшүнүү | Мен жана дүйнө | Сынчыл ойлом | Лидерлик |
|---|---|---|---|---|---|
| Жылдын башында | 61,30% | 44,30% | 42,30% | 48,5% | 70,5% |
| Жылдын аягында | 67% | 65% | 61% | 67,0% | 68,0% |

### Жыйынтыктоочу тестирлөөнүн натыйжалары

«Изилдөө айлампасы» чечимин ишке ашыруу окуучулардын окуу жетишкендиктеринин бир топ жогорулашына алып келди. Бул жыйынтыктар жыйынтыктоочу тестирлөөнүн натыйжалары менен даана тастыкталды. Чечим окуу жана түшүнүүнүн негизги көндүмдөрүн, сынчыл ой жүгүртүүнү жана аналитикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүүдө жогорку натыйжалуулукту көрсөттү. Ошондой эле ал башка предметтерди өздөштүрүүдө да оң таасир тийгизип, окуучулардын академиялык ийгилигине кеңири өбөлгө түздү.

**Надира МАДАЛИЕВА,**
**кыргыз тили жана адабияты мугалими,**
**Кара-Кулжа району**





